## Тиркеме 6. НАСААТЧЫЛЫК ЖӨНҮНДӨ ЖОБО (долбоор)

### I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.** Насаатчылык – бул насаатчынын төмөнкүдөй топтордогу адистерге (мындан ары – «жаш адистерге») кесиптик өсүш жагынан ар тараптуу жардам жана колдоо көрсөтүү ишмердиги[1]:

- педагогикалык билими болсо да, билим берүү мекемелеринде педагог катары иштеген эмгек стажы топтоло элек жаш адистерге:
- окуу-тарбия процессинде кошумча жардамга муктаж болгон адистерге (мугалимдерге);
- мугалимдик кызматка которулган адистерге аткарган кызмат милдеттерине карай окутуу усулдары боюнча кесиптик иш билгиликтерин терендетүү талап кылынса;
- билим берүү мекемелеринде педагогикалык эмгек стажы жок, педагогикалык эмес окуу жайларды бүтүргөндөргө.
- педагогикалык адистиктер боюнча сырттан/дистанциялык окуп жаткан студенттерге.

Насаатчы – бул предмет жана окутуу усулу жаатында мыкты кесипкөй жана инсандык сапаттарга ээ болгон педагог.

**1.2.** Насаатчылык – жаш адистин педагогикалык ишмердиги үчүн зарыл иш билгиликтерин өнүктүрүү боюнча насаатчынын тутумдуу, жекече иш жүргүзүшү. –

**1.3.** Насаатчылыктын укуктук негизи болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ушул Жобосу, башка Мыйзамдык жана ченемдик актылары саналат.

### II. НАСААТЧЫЛЫКТЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**2.1.** Насаатчылыктын максаты – жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан жардам, көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадр маселесин бекемдөө.

**2.2.** Насаатчылыктын негизги милдеттери:

- мектеп маданиятына көнүктүрүү, мектеп жамаатынын мыкты салттарын жана адеп ченемдерин өздөштүрүүгө көмөктөшүү:
- жаш адистердин педагогикалык ишке дилгирлигин ойготуу жана аларды мектепте алып калуу:
- жаш адистин кесиптик өсүшүн камсыздоо, тапшырылган милдеттерди өз алдынча, сапаттуу аткаруу жөндөмүн өнүктүрүү.

### III. НАСААТЧЫЛЫКТЫН УЮШТУРУУ НЕГИЗДЕРИ

---

[1] Жаш адис – бул тийиштүү кызматта үч жылдан аз убакыт иштеген адис.



Scanned by TapScanner